УДК 81
DOI 10.58649/1694-9099-2025-4-160-165

**ИСАКУЛОВА Ж.Т., ТОКОНОВА Н.К.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**ИСАКУЛОВА Ж.Т., ТОКОНОВА Н.К.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ISAKULOVA ZH.T., TOKONOVA N.K.**
KNU Jusup Balasagyn

# МАНАСЧЫЛАР ЖАНА МАНАСЧЫЛЫК ӨНӨР

МАНАСЧИ И ИСКУССТВО ПОЭЗИИ МАНАСЧИ

MANASCHI AND THE ART OF MANASCHI POETRY

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада улуу эпосту чагылдырган улуу жомокчулар жана алардын баяндоо чеберчилиги жөнүндө маалыматтар кыскача баяндалат. Манасчылардын баарлашуу чеберчилиги алардын стилине жараша талданат.

**Аннотация:** В статье обобщены сведения о великих сказителях, воплотивших великий эпос, и искусстве их повествования. Анализируются разговорные способности манасчи в соответствии с их стилем.

**Abstract:** The article summarizes information about the great storytellers who embodied the great epic and their exemplary lives in the art of storytelling. The conversational skills of the manaschi are also analyzed in relation to their style.

**Негизги сөздөр:** манасчы; залкар; “Манас”эпосу; аян түш; өнөр; өзгөчө талант; жөндөм; эл.
**Ключевые слова:** манасчи; великий; эпос “Манас”; вещий сон; искусство; особый навык; способность; народ.
**Keywords:** manaschi; great; epic “Manas”; prophetic dream; art; special; skill; capable; people.

*Мурункудан калган сөз*
*Мурас кылып алган сөз*
*Муштум болуп түйүлсө*
*Музду жарчу балбан сөз*

“Манас” – тарыхый эпикалык, “Семетей” лиро эпикалык, “Сейтек” баатырдык чыгарма. Жалпы үчилтикти тарыхый баатырдык эпос деп айтабыз. Манас деген сөздүн этимологиялык мааниси кайдан келип чыккан? Ман сөздүн уңгусунда К.К. Юдахиндин сөздүгү боюнча алганда, жан-ман кош сөз түшүнүгү менен берилет. (М: жан-маны калбай эси чыкты). Ал эми Жорж Дюмезилдин француз окмуштуусу “Индоевропалыктардын мифтери жана кудайлары”, (Мифы и боги индоевропейцев (1992г) деген эмгегинен алганда: “ман”, “мана”, “багу мана” деген сөз арийлердин түшүнүгү боюнча биринчи адам маанисинде “жакшылык”, жакшы саамалык,( благая мысль), “жер”, “жашоо”, жердин энергиясы деген маанини туюндурат экен.

Демек, ман сөзүнүн кыргыздардын философиялык дүйнө таанымы боюнча манастагы бир кудайдын пендеси (Манасты), теңирдин элчиси- манасчыны атагандыгы бекеринен эместиги шекилдүү.

Ааламда жашаган ар бир улуттун улутуна, тилине карабай элдик оозеки чыгармалары кайсы бир доорлордо жаралып оозеки формада өнүгүп келгени белгилүү. Алгач элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрү жамакташкан төрт сап ыр формасынан тартып өнүгүп көлөмдүү эпикалык чыгарманын деңгээлине көтөрүлүп калыптанганга чейин фольклордун майда: макал-лакап, санат, насыят, керээз, жоктоо, кошоктордон тартып, миф жана легенда, жомок формалары жаралгандыгы жана элдин каны-жанына сиңе баштагандыгы белгилүү.

“Манас” эпосу да тоо булагынан башталып, чоң дайрага кошулуп, андан океанга айланып кылымдарды карыткан, тарыхка бай, узак доор сүрүп келген кыргыз элинин улуу

руханий байлыгы болуп калды. Эпикалык чыгарма бир канча тарыхый катмарды камтып, татаал сюжеттик композициялык түзүлүштө өнүгүп жашап  келсе, манасчы да узак жана татаал чыгармачылык өнөрдү аркалап келген, өзгөчө таланттуу адам. Манасчылар манасчылык өнөрдөн тышкары кыргыз элинин уламыш, поэма, дастандарын, андан сырткары санжыра тарыхынан элдин салт – санааларын туюндурган ырларын аткарып келгендиги белгилүү. Мына ушул жерден суроо туулат, манасчы деген ким? Манасчы болуп төрөлөбү? Манасчы болуу үчүн кандай этапардан өтүү керек деген бир нече суроолорго жооп издөө керек экени талашсыз. Манасчы болуп төрөлбөйт бирок манасчыны “Манас” эпосунун каармандары тандоо процесинен өткөрүп, түш аркылуу тандалып алынат деген маалыматтар бар. Ага мисал катары улуу манасчы Саякбай Каралаевдин, С. Орозбаковдун түш көрүүлөрүн айтсак болот. Улуу манасчы С. Каралаевдин манасчылык өнөргө келишин төмөндөгүдөй баяндайт: “Мен Ысык-Көлдүн жээгиндеги Ак-Өлөң айылында кадимки кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөм. Энем мен боюнда экенимде, тоодон жапайы карагат чогултуп жүрүп, жылаңайлак буту менен жыланды басып, чочуп кетип, мени мөөнөтүнөн мурда ара төрөп коюптур.17 жашыма чейин мен Манас тууралуу эч кандай ойлонгон эмесмин. Кадимки айылдык бала болуп өстүм. Ал эгерде менде кандайдыр бир чыгармачыл жөндөм болсо, анда аны эки сөздүн башын кошуп ырдап койгон ар бир кыргыз баласында бар, жөнөкөй эле эрмек болчу деп түшүнүү керек. Бир жолу орозо айында ырдап, жарамазандан бирдеме чогултуу үчүн Кочкорго бардым. Күтпөгөндөй ийгилик болду, 19 сом тааптырмын! Бул чоң акча. Элестетип көр, ал учурда бир эле сомго бир кой сатып алууга болот эле! Үйгө Орто-Токой аркылуу кайтып келаттым. Азыр ал жерде суу сактагыч бар. Түн кирип кеткендиктен, андан ары жөнөшүм маанисиз болчу. Мен токойдун четинде түнөп калууну чечтим. Ээр токумун чечип, атымды чоң аска  таштын жанына байлап койдум. Ал түндө ачка болгонумдан ойгонуп кеттим. Көзүмдү ачып, таң калганымды айтпа. Көрсө, күүгүмдө мен жакшы байкабай, атымды аска таштын жанына эмес эле, эшигинин жылчыгынан ичиндеги күйгөн от жылтырап көрүнүп турган кооз, апапакай боз үйдүн жанына байлаптырмын. Көп ойлонбостон эле мен бул боз үйгө жакындап келип ичин шыкааладым. Ичинде сулуу аял отурат жана боз үйдүн ортосуна салынган дастаркондун үстүндө, жомоктогудай дүйүм, көз жоосун алган тамак-аштарга толтурулуптур, мен мындайды жемек турсун кыялданып дагы көргөн эмесмин. Аял жылуу жылмайып, колун жаңсап мени дастарконго тартты. Сүйүнүп кеткен мен боз үйдүн босогосун аттадым, бирок жылаңайлак бутумдун кычысын эстей коюп, уялып кире бериштен токтоп калдым. Ал мезгилде мен бут кийимсиз, жылаңайлак жүрчүмүн.  Менде жадакалса чылгый кайыш чокой да жок болчу, биз ошончолук жарды жашачубуз.

Жанагы аял көңүлүмдү көтөрүп, мени карап жылмайды. Мен тартынчаактыгымды эптеп жеңип, дастарконго тизем менен сойлоп бардым. Жаңы эле Каныкейдин колунан (анын Каныкей экенин мен кийин түшүндүм) чоң кесе кымызды алмакка колумду сунуп бараткáнда, кулак тундурган күрс – карс эткен дабыш угулуп, бороондуу шамал көтөрүлүп, мен коркконумдан боз үйдөн тышка атып чыкканга аргасыз болдум. Менин бет алдымда дөөлөр ат үстүндө алчыланып, төбөлөрү көккө жетип турушту. Алардын алдындагы укмуштуудай аттардын таноосу жалын бүркүп, ал эми баатырлардын чок ортосунда турган каардуу, өзгөчө баатырдын көзүндө от күйүп турду. Бул жеңилгис Манас болчу. Бирок ал учурда алдымда ким турганын мен билген жокмун. Анан куудай сакалы белине жеткен, Манастын атына катар турган карыя мага: “Чөгөлө иттин баласы!” – деп кыйкырды. Мен эбак эле чөгөлөп отуруп калган болчумун, анткени бут алдымда жер солкулдап турганын сезип жаттым. Анан куудай  сакалдуу карыя аттан түшүп, жыгач аяк менен жерден кум сузуп алып: “Жебей эле көр” – деп менин оозума салып жатты. Мен бекем тиштенип, башымды чулгуп, болгон аракетим менен ага баш ийе койбостугумду көргөзүп жаттым. Ошол жерден Бакай ата кабагын чытып, менин башымды алды да, өзүнө буруп, көздөрүмө карап: “Мен сага берип жаткан нерсени жутушуң керек. Андан кийин сен Манасты даңазалайсың. Оозуңду ач, коркпо” – деди. Мен оозумду ачып, Бакай ата аяктын ичиндегилерди менин оозума салды. Эсимде, ысык кум тилимди куйкалап, тамагым болсо жабышып калды. Чынын айтсам, намыстанганымдан сыноону көтөрөйүн дедим дагы, оозумда болгонду бир жутуп салайын дедим,  бирок болгон жок. Кум тамагыма тыгылып, дем ала албай калдым. Көзүмдөн жаш он талаа болуп, Бакай атаны карасам, мага ачуусу келип турат. Мен эмне кылаарымды

билбейм. Ошондо каардуу карыя камчынын сабы менен оозумдагы кумду тамагымды карай шиледи. Кайсы бир учурда менин күнүм бүткөн экен деп ойлоп кеттим. Дагы бир аз болгондо менин тамагым бөлүк – бөлүк болуп айрылып, камчынын сабы менин бүткүл денемди көзөп өтчүдөй сезилди! Оюмда, өлүмгө деле даяр болуп, эсимди жоготтум, акыркы күчүмдү жумшап, акыры оозумдагы кумду жуттум. Анан жанагы кум кандайдыр бир таттуу нерсеге айланып, менин бүткүл ичимди жагымдуу жылуулук аралады. Кийин аны мен армияда жүргөндө балды биринчи жеп, Бакай ата берген кумдун даамы балдай болгондугун эстедим. Эсиме келгенимде, Бакай ата мага: "Эртең Орто-Токойдон чыгып бараткаңында, жолуңдан ак жана кара кой айдаган адамды учуратасың. Алар сенин курмандыкка чалуучу койлоруң. Битирленбе, койлордун ээсине Кочкордон иштеп тапкан акчаңдын баарын берип, үйүңө жөнө. Жанагы эки койду айылдагы аксакалдарга союп берип, Кудайдын атына, жеңилбес Манастын атына бата кыл. Андан кийин эсиңде болсун, жарым жылга чейин сенин үнүң бүтөт. Андан кийин сенин үнүң каттуу, уккулуктуу, чарчабас болуп өзгөрөт" – деди.

Бул сөзүн айтып, карыя көздөн кайым болду. Эртең менен ойгонуп, айланамды карап, ойлодум, эмне балакет түш көргөм – атым чоң аска таштын жанында эле байлануу турат, дөө атчандардын изи байкалбагандай. Жомоктогудай Манастын боз үйүнүн өзү түгүл, изи жок! Булактан жуунуп алып, жол уладым. Орто-Токойдон чыга беришинен, азыр ал жерде платина бар, аскадан бурулган жолдо мени карай эки кой айдаган киши чыкты. Болгондо дагы бири-ак, бири кара-кой. Мен селейип калдым. Эмне болгонумду билбей, белбоомдогу акчаны койлордун ээсине үн – сөзсүз карматтым. Ал мени карап, аң – таң болду да, берген акчаны бекем мыкчыган бойдон качып жөнөдү. Менимче мени келесоо деп ойлоду окшойт. Үйгө келип, Бакай ата айткандай, ошол эле күнү айыл аксакалдарына тамак бердим. Бекер тамакты баары жакшы көрүшөт эмеспи, биздин аксакалдар деле андай болбой коймокпу. Алар менин курмандыкка чалган малымдын этин ырахаттануу менен жеп, менин Бакай, Манас жөнүндөгү чаржайыт жомогума баары ишене бербесе дагы баталарын берип, узап кетишти.

Эртең менен ойгонсом, тилим күрмөөгө келбей калыптыр. Тилимди кыймылдатам, эч нерсе айта албайм. Үйүмдөгүлөр мени жактырбай карап калышты. Бир жумадан кийин туулуп – өскөн үйдү таштап, безип кетүүгө туура келди – айылдагылардын баары мени сөөмөйү менен көргөзүп, кээ бир балдар таш бараңга алчу болду. Мен өзүм дагы, акыл – эсимден айнып бараткандай сездим. Тоого чыгып, колго тийген нерсени жеп жаттым: өсүмдүктөрдүн тамыры, жолум болгон күнү коендун эти менен тамактандым. Ошентип арадан алты ай өттү. Бир күнү эртең менен тоонун селиндей болгон дабыштан ойгонуп кеттим. Бирөө мени кармап алып, бекем жулкулдатып жаткан сыяктуу. Оозуман куюлган буркан-шаркан сөздөрдү токтото алсамчы. Сөздөр оозумдан токтоосуз куюлат: эмне жөнүндө ырдап жатам – өзүм да түшүнбөйм. Манас деген айрым сөздөрдү гана түшүнүп жаттым. Корkконумдан үйдү карай жүгүрдүм. Атам мени көрүп, колундагы камчысы менен мени жон талаштыра тартып-тартып алды. Мына ошентип, мен манасчы болуп калдым", – деп өнөрүн түш көрүү кереметти менен байланыштырып айтат: түш көргөн соң жети жылдан кийин «Манас» айта баштагандыгын, анткени түштө ошондой аян болгондугун айтчу экен. [1, 62-65-бб.] Бул мисал бир гана манасчынын башынын өкөргөн окуясы, түш көрүү процесси. Адамга түш жөн эле кирбейт болуш керек. Түштө түрдүү сырлар бар. Кээ бирлери үчүн бул куш кабар, кээ бирлери үчүн эскертүү болушу мүмкүн. Ата бабаларыбыз түштун моюну ичке, жакшы жака жооруса жакшы болот деп, түшкө аяр мамиле кылышкан. Болочок маначынын түшүндө тартууланган "азык" анын келечекте эмне айтаары тууралсында кабар берет. "Манас" дүйнөсүнөн келген арбактар, тандаган адамына "азык" тартуулашат:

Сүт азыгы, эт азыгы, дан азыгы, суу, эң сейрек учурда кум ж.б. тигил же бул азыктын түрү боюнча абдан чоң символикалык мааниге ээ. Аны менен катар болочок манасчы Манас дүйнөсү тарабыан тандалып алаарда өспүрүм жана аш курагында башалат. Буга мисал Т. Бакчиевдин айтуусунда: "тандоо процеси толук астрологиялык циклдин (мүчөлдүн)аякташы менен байланыштуу: 12-13 жашында (биринчи мүчөл) 24-25 жашында (экинчи мүчөл) тандалат. А эми 36-37 жаш курагында (үчүнчү мүчөл) тандоонун акыркы мөөнөтү өтөт. Бул пикирге карата, манасчы Шаабай Азизовдун мисалын айта кетсек болот. Ал биринчи жолу 6 жашында түш көргөн. Ал эми бир жылдан кийин айта баштаган. [2, 62-б.] "Ошондой эле

манасчылар публикага көрүнүү максатында манас айтпайт.

**Манасчылык өнөрдүн белгилери жана касиеттери төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

1. Ар бир манасчынын өзүнө гана мүнөздүү ыргагы, уйкаштыгы, кыймыл-аракети жана сүрөттөө ыкмасы бар.

2. Ар бир манасчы кыргыздардын салттуу маданиятын, элдик билимин сактоого, өнүктүрүүгө салым кошот.

3. Манасчылык касиет атадан балага, муундан муунга ыйык мурас катары тукум улап берилет.

4. Манасчы бүтүндөй элдин сүймөнчүлүгүнө татып, элдин эсинде түбөлүккө калган элдик адам.

Манасчылык өнөр жөндөмүнө жараша төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт: "үйрөнчүк манасчы", чала манасчы", "чыныгы манасчы","чоң манасчы". Ар бир топ өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени ар бир чоң манасчы бийик деңгээлге жетишүү үчүн үйрөнчүктөн баштап жогорку саналган ар бир этапты башынан өткөрөт. Манасчылык өнөргө ээ болууга дилгир, табигый дааруу касиетинин таасиринде манасты угуп өзүнөн мурдагы муундун өкүлү болгон манасчыдан бул өнөрдүн сырын үйрөнүү, эпостун окуялары менен кенен таанышуу учурун үйрөнчүлүк учур дейбиз. Бул учурда манасчы болгусу келген адам өз устаты айткан айрым эпизоддорду жаттап алып аткара баштайт.

Экинчи баскычы – чала манасчылык. Жамакчылык, төкмөчүлүк, жомокчулук сапаттары айкын көрүнүп, эпикалык чыгарманын өзөктүү окуяларынан бир-эки эпизодду жаттап алып айтып жүргөн адамдар чала манасчы делет.

"Манас" айтуунун үчүнчү этабы – чыныгы манасчы болуу. Булар – эпостун негизги окуяларын жакшы өздөштүргөн жана аларды баштан аяк өз түшүндүрүүсү, алымча – кошумчалары менен өзүнчө вариант түзгөн манасчылар. Булардын катарына Молдобасан Мусулманкулов, Шапак Рысмендеев, Тоголок Молдо ж.б. кирет. Манасчылык өнөрдүн жеткен чеги – чоң манасчы болуу. Мындай наамга айтуучулар чанда-чанда гана ээ болушат. Зор таланттуу, эпостун өсүп – өнүгүшүнө орчундуу салым кошкон, жогорку деңгээлдеги көркөмдүктөгү вариант жараткан, чыгарманын бардык окуяларын баштан аяк ыраааты менен толук, кеңири мүнөздө аткарган, эл арасында таасын таанылып, өзгөчө кадыр – баркка ээ болгон айтуучуларды "чоң манасчы" деп аташат. Чоң манасчылардын айтуучулук кудуретинин күчтүүлүгү алар айткан "Манастын" окуяларынын бүтпөстүгү, айтып аягына чыга албоо жөнүндө эл арасында көптөгөн аңыз кеп айтылат. "Чоюке"Манасты" тынбай үч ай айткан соң "качан бүтөсүң?" деген суроого М.: "Баланча күнү бүтөм деп жалганчы боло албаймын, баатырдын туулганынан баштап азыр Чоң казатка араң жеттик. Андан наркысын өзүңөр биле бергиле" деген экен.

Чоң манасчылар менен чыныгы манасчылардын ортосунда анчалык чон айырмачылык жок. Бул эки топтун өкүлдөрүнүн айрмачылыгы айтуучулардын жеке сапатына-талантынын деңгээлине, табигый жөндөм-шыгына байланышкан. Чоң манасчылардын варианттары башка топтогу манасчылардыкынан окуяларынын кенендиги, мазмунун байлыгы, көркөмдүк деңгээлинин өзгөчө жогорулугу менен айырмаланат. Эпостун Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу түзгөн варианттары мунун ачык күбөсү.

Чоң манасчылардын варианттары башка айтуучулар үчүн өз варианттарын түзүүдө негиз болуп, эл ичинде бөлөк өнөр ээлерине баа берүүдө үлгү, эталон катары кызмат этет.

Системалуу изилдөөнүн натыйжасында, манасчынын калыптанган айтуучулук дараметине, стилине жараша типтерге ажыратып классификациялап, манасчылардын беш тиби сунушталат:

1. Легендарлык манасчылар.
2. Классикалык манасчылар.
3. Оозеки салттуулукту да китептик үлгүнү да бирдей өздөштүргөн манасчылар.
4. Жазгыч манасчылар.
5. Аткаруучу манасчылар.

1. Легендарлык манасчы – "Манас" эпосунун ичиндеги Ырамандын ырчы уул, Келдибек,Токтогул. Легендарлык манасчылар манасты укмуштуудай көркөм жана табигый касиет күчү менен айткандыгы аңыз иретинде айтылып калган, бирок варианттары жазылып калган эмес, ал тургай бул дүйнөдө качан жашагандыгы тууралуу так маалымат да жок. Ошол себептүү мындай манасчылар эл оозунда гана уламыш, айың катары айтылып калган. Манасчылык кесип качантан бери келе жатканы тууралуу илимде так маалымат жок. Кыргыздарда кеңири тараган уламыш боюнча "Манасты биринчи айткан адам кырк чоронун бири **Ырамандын Ырчы уулу Каратай**. "Манас" эпосунун варианттарынын бардыгында

кырк чоронун катарында “Ырамандын ырчы уулу“ деген ылакап аты менен аталат да өз ысымы эскерилбейт. Сагынбай Орозбаковдун вариантында Манастын Орго кан менен болгон согушунда Оргонунун аялы Санамкүл өзүнүн эки баласын жана увазир Ырамандын баласы Каратайды алып, Манаска көп тартуу менен келип жан соога сурайт. Каратайдын ишке жөндөмдүү, өзү сөзмөр, шок, ар нерсеге шыктуулугун байкаган Манас аны Санамкүлдөн жигиттикке сурап алат. Кийин Каратай аты калып Ырамандын ырчы уул деген ылакап аты менен белгилүү болот.

Айтканынан баар таап,
Талабына жеткен кул,
Ырамандын Ырчы уул.
Ычкыры бапик, кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул
Айтаарга сөзү шоктуу кул,
Кыябына толгондо
Кырк чоронун бири бул.

Ырчы уулдун кырк чоронун арасындагы өнөрү да-ырчылык болгон.

Ит – Өлбөстүн чөлүндөгү согушта Алмамбет, Чубак, Сыргактын, Музбурчак, Көкчөнүн окко учканын, кошундун көп жоготууга учураганын Манаска Ырчыуул угузат. Кайгылуу кабарды Манаска жеткирүү менен гана чектелбестен: “Баатырым, ким токтотот чебиңди?”, – деп калкынын мындан аркы тагдырын ойлоп, кайгыга батат. Манас баатыр өлгөндө анын элине кылган эмгегин, эрдиктерин Ырчы уул кошок кылып кошкон экен. Манаска адил кызмат өтөө менен бирге, ал өлгөндө анын уулу Семетейге башка чоролордой чыккынчылык кылбайт, ага колдон келген көмөгүн көрсөтөт. Ошол кошок кылып кошкон ырлары эл ичине тарап “Манас” деген улуу эпостун жаралышына түрткү болгон. Демек, “Манас” эпопеясынын башаты Ырчы уулдан башталат. Ал эми ошол кошокторду Жаныбек хан, Тимурдун тушунда жашап өткөн Токтогул ырчы бир чыгармага бириктирген дешет.”Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол”, – деген ылакап кеп калган, болжолу бу киши Шырдакбектин заманында жашап өткөн деген божомол айтымдар да чындык үлүшүнө жакындашкансыйт.

Манасчылык касиетти, өнөрдү аркалаган көп кырдуу улуу өнөр адамдарынын ысымдарын атай кете турган болсок; Ырамандын ырчы уул, Токтогул, Нооруз тууралуу так маалыматтар жокко эсе.

1. Классикалык манасчылар. Балык Кумар уулу, Тыныбек Жапый уулу, Сагынбай Орозбаков, Саякбай Каралаев өңдүү залкар манасчылар кирет. Сагынбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевди классикалык манасчылардын үлгүсү катары караганыбыздын себеби: тбулар өзүлөрүнө чейинки чоң манасчылардын чыгармачылыгынын пайдубалын бекемдеп, эпикалык чыгарманын өзөктүү окуяларын өнүктүрүп, оозеки поэзия үлгүсүн жаратмандык менен толуктап, идеялык- көркөмдүк өзгөчөлүгүн эң жогорку чекке жеткирген акыркы манасчылар болуп эсептелет. Буга мисал залкар манасчы Саякбай Каралаевдин манасчылык өнөргө келүүсү тууралуу жана өмүр баянына кайрыла кеткенибиз туура болот.

Саякбай Каралаев биздин замандын залкар манасчыларынын бири. Ал Ысык-Көлдүн бугу уруусунан. 1894-жылы Жети-Өгүздө туулган. Атасы кедей киши болгондуктан, Саякбай жаш чагынан жалданып көп иштеген. 1916-жылы 22 жаштагы жигит кыргыздын көтөрүлүшүнө катышып, айрым жолдоштору менен кошо Кытайга качып бараткан жеринен падышанын аскерлерине кармалып калган. Кармалгандардын теңи өлүм жазасына тартылып, Саякбай өлүмдөн качып кутулган. 1918-жылга чейин бир кулакка жалданып жүрүп, өз ыктыяры менен кызыл армиянын катарына өткөн. Кызыл армияда 1922-жылга чейин кызмат өтөп, ак гвардиячылар жана басмачыларга каршы согуштарга катышкан. Армиядан кайткан соң айылдык советтик органдарда иштеген. Болжол менен 1924-жылы Саякбай чоң манасчы Чоюкеге кезиккен. Ага чейин эле «Манаска» болгон кызыгуусу ого бетер артып, эпостун текстин талыкпай үйрөнө баштайт. Өз айтымында Каралаев бала кезинен эле көркөм сөзгө ышкысы артып, лирикалык ырларды чыгарып жүргөн. Анын биринчи устаты болгон чоң энеси «Манас» жөнүндө ага көп айтып берүүчү экен. Ал киши манасчы болбогону менен «Манастын» мазмунун жакшы билген. Андан сырткары көп сандаган элдик жомок, легенда, уламыштарды айтып бергендери кулагына сиңип калыптыр. 1924-жылдан баштап ал манасчылык өнөрүн баштайт. 1929-жылы колхозго мүчө болуп кирет.

Бүгүнкү күндө Саякбайдын аткаруусунда «Манастын» толук үч бөлүмү, демек, Манас, Семетей, Сейтек тууралуу ыр, өмүрүнүн акырында Манастын чөбөрөлөрү жөнүндөгү бөлүк жазылып алынган. Сюжеттик түзүлүшү, стили жагынан Саякбайдын варианты Сагымбайдыкынан көп жагынан айырмаланат.

2. Манасчылык өнөрдө оозеки салттуулукту сактап, китептик үлгүнү да кош тизгиндеп алып жүргөн манасчыларга Шаабай Азизовду, Кааба Атабековду, семетейчи Сейдене Молдокееванй атоого болот. Шаабай Азизов династиялык манасчы, чоң атасы залкар манасчы Чоюке, кыргызга аттын кашкасындай таанымал манасчы, үчилтикти толук айткан экен. Өз атасы Азиз да үчилтикти салттуулуктун чегинде өздөштүргөн.

Ал эми Кааба Атабеков салттуулуктун чегинде чоң манасчы Мамбет Чокморовдон үйрөнгөн.

3. Жазгыз манасчылар. Атактуу фольклор жыйноочу,изилдөөчү, жазгыч манасчы Ыбрайым Абдрахманов, улуу акын, тамсилчи жана жазгыч манасчы Тоголок Молдо (өз аты Байымбет Абдрахманов), Ыбрайым Абдрахманов “Манастын” эң көп варианттарын жазып, кийин бириктирилген вариантын жазып чыгып, эпоско эбегейсиз салым кошкон. Кытайлык кыргыз жазгыч манасчы Жусуп Мамайды атоого болот.

Тоголок Молдо эң алгачкы жазуу вариантын жаратгандардан жана анын трилогиялык варианты, эпостун мазмуну, композициялык түзүлүшү жагынан С. Орозбаковдун вариантына үндөш келет. Тарыхта мыкты летописчи катары белгиленет.

**Жусуп Мамай (1918-2014)**

Кытай Эл Республикасында жашаган кыргыз манасчысы Жусуп Мамай 1918-жылы Кызылсуунун Акчий ооданындагы Карабулак айылында төрөлгөн. Атасы Мамай ажы,колунда бар адам болуп Жусуптун кичинесинен сабатын жоюп, билимдүү болушуна шарт түзгөн. Ал эми манасчылык өнөргө тартылышына агасы Балбай чоң таасир берген. Балбай өз учурундагы билимдүү адамдардын бири болуп кыргыз элинин тарыхына, маданиятына, элдик поэзияга кызыгып, аларды чогултуп, ага өзгөчө бир мамиле кылып келген. Жусуптун кичинесинен эле зээндүүлүгүн байкаган агасы аны өзү чогулткан “Манас” эпосунун кол жазмаларын окутууга жана эпосту айтууга үйрөтө баштаган. Жусуп 8 жашынан агасы Балбай чогулткан “Манастын” кол жазмаларын окуй баштайт. Аны кайра-кайра окуп жүрүп “Манастын” 8-урпагына чейин үйрөнүп алат. Эл ичинде “Манасты” биринчи жолу 18 жашында айтып баштаган.

Анын варианты 1961-жылдан баштап жыйналат. Жусуп “Манасты” сегизинчи урпагына (“Манас”, “Семетей”, “Сейтек”, “Кененим”, “Сейитим”, “Асылбача-Бекбача”, “Сомбилек”, “Чигитей”) чейин айткан жалгыз манасчы. Ал андан тышкары элдик кенже эпос, дастандарды, санжыраларды билген.

1961-1966-жылдар аралыгында Жусуп Мамайдан “Манастан” 50900, “Семетейден” 24400, “Кененимден” 34000, “Сейиттен” 10130, “Асылбача-Бекбачадан“ 45000 сап кагазга түшүрүлгөн.

Жусуп Мамай айткан “Манастын” вариантында салттык негизги окуялар толугу менен сакталган. Ал айткан “Манастын” варианты 1978-1989-жылдар аралыгында кайрадан толугу менен жазылып алынган, жана басмадан жыйырмадан ашык китеп болуп басылып чыккан.

4. **“**Манас”эпосун аткаруучулардын тибине кыргыз эл артисти, эл манасчысы Уркаш Мамбеталиевди атасак болот. Уркаш Мамбеталиев чейрек кылымга чукул театр сахнасында “Манас” үчилтигинен айтып, манасты элдин калың катмарына чейин жеткирген белгилүү манас аткаруучу, кыргыз элинин чыныгы патриот уулу болгон. Түш көрүп түшүндөгү аянга моюн сунуп аны чоң жоопкерчилик менен көтөрө билген көп кырдуу талант. Манасчы жазган “Семетей” варианты 2012-жылы басмадан чыккан. Ал манасчылардын катарын гана эмес жаратман жазгыч манасчылардын да катарын толуктады.

Элдик таланттар манасчылык касиетин туу тутуп, бул өнөрдү аздектей улам бир муунга жеткирип, ошол күндөн ушул күнгө чейин сактап келе жатышат. XXI кылымда цивилизациянын жогорку өсүп жетилген чагында да, кыргыздын оозеки айтуучулук өнөрү сакталып келет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Байгазиев С.О. Манастаануу: ЖОЖдордун студенттери үчүн. – Бишкек, 2004.
2. Бакчиев Т. Манас таануу: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы / Республикалык “Манас” жаштар ордосу. – Бишкек: “Кут Бер”, 2012, 61-66б.
3. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты: Окуу китеби. – Кыргыз билим берүү институту, “Педагогика” басмасы, 2002.
4. Мусаев С., Турдугулов А. Көркөм сөз өнөрү (Кыргыз адабияты): Окуу китеби. – Бишкек: Технология, 1999.
5. Манас. Көкөтөйдүн ашы. Семетей баатырдан бир бөлүм. Эпос. (Түзгөн Р. Сарыпбеков). – Бишкек: Ала-Тоо, 1994.
6. “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”. Кара сөз түрүндөгү үлгү. Түзгөндөр: З. Бектенов, К. Нанаев. – Бишкек, 1999.
7. “Манас” энциклопедиясы. 1-2 томдору. – Бишкек, 1995.
8. Орозбекова Ж.К. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу. – Бишкек, 2003.

**Рецензент: д-р филологич. Наук, проф. Тиллебаев С.А.**